MANAS Din Bilimleri Dergisi (MDBD) 2025 Cilt: 4 Sayı: 2
Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2025 Volume: 4 No: 2

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Кыргыз салтындагы калың жана Ислам укугундагы махр түшүнүгү

Асел КУДАЙБЕРГЕНОВА [1]

**Аннотация**
Бул чакан изилдөөдө кыргыз салтындагы калың берүү адаты менен Ислам укугундагы махр түшүнүгү салыштырмалуу изилдөө методу аркылуу, Ислам укугунун классикалык булактары менен кыргыздардын адаттык укугуна байланыштуу тарыхый жана заманбап эмгектер комплекстүү түрдө каралды. Натыйжада ар кайсы тарыхый, маданий жана укуктук чөйрөдө калыптанганына карабастан, бул эки институттун негизги философиясы өз ара окшош экени аныкталды. Тактап айтканда, калың да, махр да никени олуттуу социалдык келишим катары бекемдөөнү, аялдын кадыр-баркын сактоону жана анын материалдык коопсуздугун камсыз кылууну максат кылат. Ислам шариятында махр нике актысынын натыйжасында күйөөнүн аялга берүүгө милдеттүү болгон мыйзамдуу укугу болуп саналат жана ал толугу менен аялдын жеке менчиги катары каралат. Кыргыз салтындагы калың болсо адаттык укуктун алкагында калыптанып, көбүнчө үй-бүлөлөр ортосундагы мамилелерди бекемдөөгө жана жаңы түзүлгөн үй-бүлөгө материалдык колдоо көрсөтүүгө багытталган. Айрым аймактарда калыңдын кыздын себине жумшалганы же келиндин өз керектөөлөрүнө арналганы бул салттын да аялдын пайдасын көздөгөнүн көрсөтөт. Демек, калың менен махрды бири-бирине каршы коюу туура эмес. Тескерисинче, аларды ар башка тарыхый жана маданий чөйрөдө калыптанган, бирок бирдей максатты көздөгөн институттар катары кароо зарыл. Экөөнүн тең өзөгүндө аялды коргоо, никеге жоопкерчилик жүктөө жана үй-бүлөлүк туруктуулукту камсыз кылуу идеясы жатат. Ошондуктан бүгүнкү күндө бул эки түшүнүктү туура түшүндүрүп, маңызын сактоо менен колдонуу — коом үчүн да, жаш үй-бүлөлөр үчүн да эң туура жол болуп саналат.

**Ачкыч сөздөр:** Ислам укугу, кыргыз салты, нике, калың, махр

## The Concept of Qalyn in Kyrgyz Tradition and Mahr in Islamic Law

**Abstract**
In this brief study, the Kyrgyz tradition of giving qalyn and the concept of mahr in Islamic law were examined comparatively using a methodological approach that integrates historical, cultural, and legal perspectives. The analysis drew on classical sources of Islamic jurisprudence as well as historical and contemporary works related to the customary law of the Kyrgyz people. The study revealed that, despite being shaped in different historical, cultural, and legal contexts, the fundamental philosophy underlying both institutions is remarkably similar. Specifically, both qalyn and mahr serve to strengthen marriage as a serious social contract, protect the dignity of the woman, and ensure her material security. In Islamic law, mahr is a legally binding right of the woman, given by the husband as part of the marriage contract, and it is regarded entirely as her personal property. In contrast, qalyn developed within the framework of customary law, often functioning to reinforce relationships between families and to provide material support to the newly established household. In some regions, the payment of qalyn for the bride or for her personal needs further highlights its role in safeguarding the woman's interests. Therefore, it is incorrect to view qalyn and mahr as opposing practices. Rather, they should be understood as institutions emerging from different historical and cultural contexts yet sharing a common purpose: protecting the woman, assigning responsibilities within the marriage, and promoting family stability. Today, correctly understanding and applying these concepts while preserving their significance remains essential for both society at large and young families embarking on married life.

**Keywords:** Customary Law, Sharia, Kyrgyz Society, Traditional Family Srtucture, polygamy

[1] Кыргыз-Түрк Манас Университети, ЖОЖдон Кийинки Билим Берүү Институтунун магистранты, aselkudaybergenova17@gmail.com, ORCID: 0009-0000-2699-9252

## Киришүү

Кыргыз элинин үй-бүлө куруу салты өзгөчө бай тарыхка ээ. Байыркы доорлордон бери кыргыздар үйлөнүү жана турмуш куруу иштерин каада-салттардын негизинде жүргүзүп келишкен. Себеби үйлөнүү өмүрдөгү эң маанилүү кадамдардан болгондуктан, ага абдан маани берилген. Үйлөнүү — бул эки адамдын гана эмес, эки үй-бүлөнүн, эки уруунун биригишин билдирген чоң окуя катары кабыл алынган. Ошондуктан анын айланасындагы бардык иштерге олуттуу мамиле жасалган. Үйлөнүүдө эң негизги каада-салттардын бири — калың берүү болуп эсептелет. Бул салт кыргыз коомунда кылымдар бою сакталып келген жана ар бир үй-бүлөнүн турмушунда маанилүү орунду ээлеген.

Бүгүнкү күндө кыргыз коомунда калыңдын өлчөмү жана социалдык таасири коомчулуктун кеңири талкуусуна себеп болуп келет. Айрым аймактарда калыңдын ашыкча көбөйүшү жаш үй-бүлөлөргө материалдык кыйынчылык жаратып, никеге турууну татаалдаштырууда. Ушуну менен катар, коомдо кыздардын аябай чоң суммадагы махрды талап кылгандары байкалууда. Ошондой эле калыңдын жана махрдын ашыкча талап кылынуусу — үй-бүлөлөрдүн ортосундагы пикир келишпестиктерге себеп болуп, никенин кечиктирилишин же таптакыр бузулушун да шарттап жаткан учурлар бар. Ал эми кыргыз салтындагы калың түшүнүгүн ислам дининдеги махр түшүнүгү менен салыштырганда, экөөнүн ортосунда окшоштук да, айырма да бар экенин көрөбүз. Бирок экөөнүн тең философиясы жагынан окшош функцияны аткарганын байкоого болот.

Калын менен махрдын айырмасы жана байланышы

Кыргыз элинде калың берүү салты абдан эрте замандарда пайда болгон. Калың — бул күйөө тараптан кыздын ата-энесине жана туугандарына кыздын тарбиясы, эмгеги жана кыздын кадыры үчүн ыраазычылык катары берилүүчү белек. Байыркы кыргыздарда калыңдын өлчөмү үй-бүлөнүн абалына жараша ар кандай болгон. Айрым учурларда калың мал түрүндө, айрым учурда алтын, кийим-кече же башка баалуу буюмдар түрүндө берилген. Эл ичинде "калың — кыздын кадыры" деген түшүнүк орун алган. Бул сөздүн өзү эле калыңдын баштапкы маанисин түшүндүрүп турат — ал кызды сатып алуу эмес, анын кадыр-баркын жана урматын көрсөтүү белгиси болгон. Мындан сырткары калын кыздын себи үчүн берилген деген түшүнүктөр да бар. Мурдатан эле кыздын ата-энеси кыз турмушка чыгып жатканда сеп беришкен. Анын ичине кийим-кечеси, төшөк, идиш-аяк сыяктуу үйгө керектүү бардык буюмдарды даярдап беришкен.

Ал эми бул салтты ислам динидеги махр түшүнүгү менен салыштырып көрсөк, Исламда махр (арабча «مهر») — бул күйөө тарабынан аялга берилүүчү нике белеги. Бул белек аялдын ата-энесине эмес, түз эле өзүнө берилет. Махр — бул аялдын укугу, аны эч ким тартып ала албайт. Куранда Аллах Таала мындай деп айткан**:** "*…(үйлөнгөн) аялдарыңарга махрын чын дилден бергиле. Эгерде ал (аял) калыңдын (кайсы бир) бөлүгүн силерге ыйгарса, анда муну жей бергиле…* "[2] Ошол заманда араб коомунда аялдардын эч кандай нерсеге ээлик кылуу укугу болгон эмес, жадагалса кээде өзү буюм катары

[2] Курани-Карим , Ниса сүрөсү, 4-аят

эсептелген. Бирок Ислам ага махр, мурастан үлүш алуу сыяктуу укуктурды берген[3]. Демек, махр — бул аялдын кадыр-баркын көрсөтүүчү, анын турмуштагы ордун бекемдөөчү каражат. Махр акча, алтын, жер же каалаган пайдалуу нерсе түрүндө болушу мүмкүн. Ханафий мазхабында эң аз махр 10 дирхам болуп эсептелет. Ошол учурда 10 дирхам эки кочкордун баасы болгон.[4] Анын көлөмүн аял менен эркек өз ара макулдашып белгилешет. Ал эми махр суроодо эч кандай чектөө жок, аял каалаган нерсесин сураса болот, бирок, баланын шартын да унутуп калбоо зарыл. Анын мүмкүнчүлүгү жетип турса, эч кандай маселе жок, эгерде күйөө бала төлөгөнгө кыйналып, шарты жок боло турган болсо, көп нерсени талап кылуу, үй-бүлө курууну тааталдаштырып, жигит менен кыздын ортосунда түшүнбөстүктөрдүн жаралуусуна себеп болот.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жашообуздун ар бир бөлүгүндө биз үчүн эң жакшы үлгүлөрдү калтырып кеткен. Пайгамбар (с.а.в.) өз жубайларына берген махрдын деңгээли өтө жогорку болбогонун байкасак болот. Махрдын өлчөмү боюнча Умар ибн аль-Хаттаб (р.а.) риваят кылган хадисте айтылат. Ал өзүнүн бир хутбасында коомдогу ашыкча чоң махр талап кылуу адат болуп баратканын көрүп, элди мындайча эскерткен: “Аялдарга берилүүчү махрды көбөйтпөгүлө. Эгер махрдын көп берилиши бул дүйнөдө урмат же Аллахтан коркуу болгонда, анда Пайгамбарыбыз (с.а.в.) силерден мурда ушундай кылмак. Мен Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жубайларына үйлөнгөндө да, кыздарын күйөөгө бергенде да он эки укийадан (окия) ашык махр бергенин же алганы көргөн эмесмин.”[5] Бул сумма ошол доордогу орто деңгээлдеги адам үчүн жеткиликтүү өлчөм болгон.

Бул маселе боюнча Айша (р.а.) риваят кылган башка бир хадисте Аллахтын Элчиси (с.а.в.) мындай деген: “Аялга берилген береке — анын кудалашуусунун жеңил болушу, махрынын аз болушу жана боюнда болуусунун жеңилдиги.”[6] Аалымдарыбыздын пикиринде да, аялдын ашыкча махр суроосу жакшы көрүнүш эмес.

Махрдын негизги максаты — аялдын укугун жана коопсуздугун коргоо, эгер эки жаш ажырашып кете турган болсо, бирөөгө муктаж болбошу же туура эмес жака басып кетпеши болуп эсептелет[7]. Махрды берүү күйөөнүн милдети болуп эсептелет, ал эми аялдын укугу катары аны талап кылууга шарият уруксат берет. Махрдын шарияттагы орду өтө жогору. Бул жагынан караганда, Исламдагы махр кыргыздардагы калыңга окшош болгону менен, мааниси жана кимге берилери боюнча айырмаланып турат. Ал никенин негизги шарттарынан болуп, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) анын берилүүсүнө маани берген, өкүмү важиб болуп эсептелет.[8]

[3] Кариев Айтмамат, Ислам үй-бүлө укугу, Бишкек,Эконом принт,2025,34-бет
[4] Камалуддин Мухаммед б. Абдулхамид б. Аль-Хумам аль-Сивасий, Шарх Фатх аль-Кадир,Бейрут,1970, 3-т, 317
[5] Ахмад 1/40, 41, 48, Абу Дауд 2106, ат-Тирмизи 1114, ан-Насаи 6/117, Ибн Маджах 1887https://hadis.uk/xadisy-o-zhenshhinax-xadisy-1-100/45498/
[6] Ахмад 6/77, 91, Ибн Хиббан 4095, аль-Хаким 2/181, аль-Байхакъи 7/235.
[7] Кариев Айтмамат, Ислам үй-бүлө укугу, Бишкек,Эконом принт,2025, 42-бет
[8] **Самидин кары Атабаев, Махр маселеси,** Муфтият, 28.12.2022 https://muftiyat.kg/kg/article/mahr-maselesi/

**Калын түшүнүгү жана кыргыз коомундагы орду**

Калын салты кыргыздарда көптөгөн кылымдардан бери сакталып келген. Бул боюнча алгачкы маалыматтар биздин доорго чейин 203-жылы кытай жазмаларында кыргыздардын нике адаттарынын катарында калын берүү салты белгиленген. Көпчүлүк учурда калын негизинен мал-мүлк менен төлөнүп, кыздын ата-энесине материалдык ыраазычылык жана урматтоо символу болгон. Манас эпосунда да калын мисалы келтирилген. Кыз алган учурда калындын төлөнбөөсү мүмкүн эмес деп эсептелген, бул үрп-адат укуктук мааниге ээ болгон. 1893-жылы Токмокто Бий сотунун чечимдеринде калындын өлчөмү жана берүү тартиби расмий бекитилген. Ошентип, калын кыргыздар үчүн үй-бүлөлүк жана социалдык байланыштарды бекемдөөчү, материалдык колдоо көрсөткөн, ата-баба салттарына жана коомдук укукка шайкеш институт болгон.[9]

Кыргыз элинде илгертен кудалашуу салтынын «бел куда», «бешик куда», “ок тиштешкен куда” сыяктуу түрлөрү бар болгон.[10] Бул кудалык түрлөрүндө келечекте үйлөнө турган жаштардын жеке каалоолору эске алынбаганы байкалат. Себеби, бел куда — балдар төрөлө электе эле ата-энелер ортосунда түзүлгөн келишим болсо, бешик куда — балдар али бешикте жатканда эле сүйлөшүлгөн нике убадалашуусу болгон. Мындай келишимдер көбүнчө өз ара жакын, ишенимдүү жана көптөн бери тааныш болгон үй-бүлөлөрдүн ортосунда жасалган. Алар балдарынын макулдугун күтпөстөн, өз ара мамилелерин бекемдеп, келечекте тууганчылык аркылуу байланышты чыңдоону көздөшкөн. Ошондой эле, ата-энелер балдары чоңойгондо ата-энесинин сөзүн угуп, алардын каалоосуна каршы чыкпайт деп ишенишкен. Бул салт эки тарап үчүн тең жагымдуу жана ыңгайлуу жагдай жараткан. Уулдун атасы келечектеги келини үчүн төлөй турган калынды көп жылдар аралыгында бөлүп берип, ири чыгымдан жеңил өтсө, кыздын ата-энеси да сеп даярдоого жетиштүү убакыт алган. Кээде септин бир бөлүгүн кыз өзү да колу менен жасап, жыйнаган. Мындай кудалашкан үй-бүлөлөр балдары чоңоюп, үйлөнүп-тийгенче кадимки кудалардай катташып, жакшылык-жамандыкта бирге болушкан. Эгер алардын бири каза болуп калса да, кудалык убада сакталган. Жаштар бойго жеткенден кийин бири-бирин жактырбай калса, ата-энелер аларды көндүрүүгө аракет кылышкан. Эгер бул мүмкүн болбой калса, жаштардын каалоосуна жол берилген. Кыз макул болбой койсо, мурда берилген калын кайтарылган, ал эми жигит баш тарткан учурда калын кайтарылбаган. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз салттары сырткы көрүнүштөн ата-энелердин чечимине негизделгендей көрүнгөнү менен, алардын түпкү максаты — үй-бүлөлөр ортосундагы ынтымакты, ишенимди жана адамдык кадырды сактоо болгон.

Амөнгерлик — кыргыз элинде кеңири тараган күйөөсүнөн ажыраган аялды коргоо салты. Бул салт боюнча күйөөсү каза болгон аял өзүнүн күйөөсүнүн бир тууган агасы же иниси менен үйлөндүрүлгөн. Анын негизги максаты — аялды жана анын балдарын коргоо, аларды бөтөн адамдарга калтырбоо жана атасынын уруусунда алып калуу болгон. Мындай шартта аял үйүнөн кетпей, ошол эле үй-бүлөдө жашоосун уланткан,

[9] Kariev, Aiitmamat. “Kırgız Örf-Âdetindeki Kalın Uygulamasının İslam Hukuku Açısından Analizi (18-19. yy)”. Dergiabant 9/2 (Kasım 2021), 748-765. https://doi.org/10.33931/dergiabant.987307
[10] S.M.Abramzon, Kirgizi i ih Etnogenetiçeskie i İstoriko-Kulturnıe Svyazi (Frunze: Kırgızstan, 1990), 238- 239

балдар жетимдик көрбөгөн жана мал-мүлк уруудан бөлүнбөй калган. Бул жерде сөз болгон жесир жеңе же жесир келин менен үйлөнүү маселесин динибизде Пайгамбарбыздын(с.а.в.) Зейнеп менен болгон никесинен жана Имам Зуфардын агасы каза болгондон кийин анын балдарын жакшыраак багып-карашы үчүн жесир калган жеңеси менен үйлөнгөн окуясынан көрсөк болот.[11]

Ушундай эле максатта балдыз калың түшүнүгү болгон. Эркек аялы каза болгондо, анын сиңдисине үйлөнгөн учурда берилген калың болгон.[12] Алардын балдарыны эң жакшы караган жана мээрим төгө алчу инсан катары эсептелген.

**Махрдын түрлөрү**

Ал эми махрды айта турчу болсок, анын да бир нече түрү бар.

1. Махр-и мусамма (белгиленген махр)

Бул — нике келишими түзүлгөн учурда, эки тарап так белгилешкен суммадагы же мүлктөгү махр. Мисалы, нике кыйылганда “махры – 50 000 сом” же “бир уй” деп, так айтылса, бул махр-и мусамма болуп эсептелет. Эгер мындай махр белгиленсе, күйөө аны толугу менен төлөөгө милдеттүү. Ал аялдын жеке укугу болуп саналат жана күйөө аны кечиктирбей берүү керек.

2. Махр-и мисил (окшош өлчөмдөгү махр)

Бул түрү нике убагында махрдын өлчөмү так айтылбаган учурларда колдонулат. Махр никенин негизги шарттарынан болгонуна байланыштуу, аны кыз так айтпай калган учурда аялдын социалдык абалына, туугандарынын махрына жана жашаган аймагындагы салтка карап орточо өлчөм аныкталат. Мисалы, кыздын эжелери же ошол аймактагы кыздар орто эсеп менен канча махр алган болсо, ошол өлчөм “махр-и мисил” катары эсептелет. Бул ыкма аялдын укугу сакталуусу үчүн киргизилген.[13]

3. Махр-и муъажжал (дароо берилүүчү махр)

Бул — нике кыйылганда же андан кийин дароо берилүүгө тийиш болгон махр. Көп учурда күйөө махрдын бир бөлүгүн нике убагында эле аялына берет. Бул аялдын коопсуздугун жана никенин чыныгы олуттуулугун көрсөтөт.

4. Махр-и муажжал (кечиктирилген махр)

Бул — махрдын кийинчерээк, белгилүү бир убакта берилүүчү бөлүгү. Кээде күйөө аны аял сураганда, ажырашууда же күйөө каза болгондо төлөп берет. Бул түрү, айрыкча, аял үчүн финансылык камсыздандыруу катары кызмат кылат. Эгер күйөөсү каза болсо же ажырашуу болсо, аял ошол кечиктирилген махрды талап кылууга толук укуктуу болот. Кыргыз коомунда бир киши каза болгондо сөзсүз аялынан карызы болсо

[11] İbrahim Acar, “İslam Hukuku Açısından Evlat Edinme ve Hz. Peygamber’in Zeynep’le Evliliği”, İslam Hukuku Araştırmaları Dergisi 7 (Nisan 2006), 99-110; Muhammed Zâhid el-Hasan el-Kevserî, Lamahâtü’n-Nazar fî Sîreti’l-İmam Zufer (Kahire: el-Mektebetü’l-Ezheriyye li’t-Türâs, 1948).
[12] Kariev, Aiitmamat. “Kırgız Örf-Âdetindeki Kalın Uygulamasının İslam Hukuku Açısından Analizi (18-19. yy)”. Dergiabant 9/2 (Kasım 2021), 748-765. https://doi.org/10.33931/dergiabant.987307
[13] Fatmanur Keskin, *Hanefî Fürû Literatürünün Tarihî Süreçteki Gelişimi (Mehir Konusu Özelinde)* (Yüksek Lisans Tezi, Recep Tayyip Erdoğan Üniversitesi, 2022).

кечтиңизби деп суралат, бул да болсо ошол махры төлөнө элек болсо, карызы менен аркы дүйнөгө кетпесин деген максат.

**Жыйынтык**

Ислам дини келе электе эле дүйнөнүн ар тарабында жашаган элдерде "калың" түшүнүгү кылымдар бою сакталып келген. Жаңы түзүлгөн үй-бүлөгө колдоо көрсөтүү философиясына негизделген кыргыз элинин калың берүү салты — кыргыздардын эң байыркы адаттарынан бири болуп саналат. Убакыттын өтүшү менен бул салт өз ичинде "бешик куда", "амангерлик", "балдыз калыңы" сыяктуу түрлөргө бөлүнгөн. Калыңдын төлөө мөөнөттөрү да анын түрүнө жараша айырмаланган. Жалпысынан жаңы түзүлгөн үй-бүлөнү материалдык жактан колдоо идеясына негизделген калың, ошондой эле никеге байланышкан келишим сыяктуу укуктук мааниге ээ болуп, кылымдар бою анын социалдык жана укуктук жактарына көңүл бурулуп келген.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин турмушунда маанилүү орунду ээлеген калың институту өзүнүн социалдык жана укуктук мүнөзү боюнча айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен, мазмун жагынан ислам укугундагы "махр" түшүнүгү менен бир багытта өнүккөн. Калың — коомдук адаттык милдет катары көбүнчө үй-бүлөлөр ортосундагы келишимдин белгиси болуп эсептелсе, махр — шариат тарабынан бекитилген аялдын жеке укугу катары аныкталат. Махр түздөн-түз аялдын өзүнө тиешелүү болсо, калың, адатта, кыздын ата-энесине берилген. Ошентсе да, алардын түпкү максаты окшош: экөө тең аялдын кадыр-баркын сактоо, анын материалдык жактан камсыз болушуна өбөлгө түзүү жана никенин олуттуулугун көрсөтүү ниетин камтыйт.

Ислам дини кыргыз жергесине тарагандан кийин, калың салты толук жоюлуп кетпестен, тескерисинче, махр түшүнүгүнүн мазмуну менен айкалышып, жаңы формада жашоосун уланткан. Кээ бир учурларда бир эле нике ичинде күйөө бала аялга махр берип, ошол эле учурда кыздын ата-энесине калың төлөгөн. Натыйжада, калың институту өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө аялдын укугун жана үй-бүлөнүн туруктуулугун камсыз кылуу максатын көздөгөн, айрым жагынан махрдан да системалуу жана коомдук мааниси күчтүү болгон деп айтууга болот.

**Колдонулган адабияттар**

Abramzon, S.M. Kirgizi i ih Etnogenetiçeskie i İstoriko-Kulturnıe Svyazi. Frunze: Kırgızstan, 1990

Acar, İbrahim. "İslam Hukuku Açısından Evlat Edinme ve Hz. Peygamber'in Zeynep'le Evliliği". İslam Hukuku Araştırmaları Dergisi 7 (Nisan 2006), 99- 110

Kariev, Aitmamat. "Kırgız Örf-Âdetindeki Kalın Uygulamasının İslam Hukuku Açısından Analizi (18–19. yy)." *Dergiabant* 9, no. 2 (Kasım 2021): 748–765. https://doi.org/10.33931/dergiabant.987307.

Keskin, Fatmanur. *Hanefî Fürû Literatürünün Tarihî Süreçteki Gelişimi (Mehir Konusu Özelinde).* Yüksek Lisans Tezi, Recep Tayyip Erdoğan Üniversitesi, 2022.

Kevserî, Muhammed Zahid el-Hasan. Lamahâtü'n-Nazar fî Sîreti'l-İmam Zufer. Kahire: elMektebetü'l-Ezheriyye li't-Türâs, 1948.

Ахмад 1/40, 41, 48, Абу Дауд 2106, ат-Тирмизи 1114, ан-Насаи 6/117, Ибн Маджах 1887.

Ахмад 6/77, 91, Ибн Хиббан 4095, аль-Хаким 2/181, аль-Байхакъи 7/235.

Камалуддин Мухаммед б. Абдулхамид б. Аль-Хумам аль-Сивасий, Шарх Фатх аль-Кадир,Бейрут,1970, 3-т

Кариев Айтмамат, Ислам үй-бүлө укугу, Бишкек,Эконом принт,2025, 120-бет

Курани-Карим, Ниса сүрөсү, 4-аят

Самидин кары Атабаев, Махр маселеси, Муфтият. 28.12.2022 https://muftiyat.kg/kg/article/mahr-maselesi/